**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

Калыйбек Асанбековдун жаран Осуйпа Сыдыкованын кызыкчылыгындагы кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2014-жылдын 15-апрели Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Сооронкулова К.С., Касымалиев М.Ш., Нарынбекова А.О., катчы Төлөбалдиев М. катышуусунда Калыйбек Асанбековдун жаран Осуйпа Сыдыкованын кызыкчылыгындагы кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы:**

2014-жылдын 28-февралында Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары – Конституциялык палата) К.Асанбеков жаран О.Сыдыкованын кызыкчылыгында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2013-жылдын 5-декабрындагы токтомун Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын Жарандык-процесстик кодексинин талаптарына ылайык эмес деп таап берүүнү суранып кайрылган.

Өтүнүчтөн жана ага тиркелген материалдардан келип чыккандай, Нарын областтык сотунун административдик жана экономикалык иштер боюнча кассациялык коллегиясынын 2005-жылдын 10-мартындагы токтому менен

Кочкор райондук мамлекетик асыл тукум кой өстүрүү эксперименталдык заводунун 1992-жылдын 5-декабрындагы № 713 буйругу, 1992-жылдын 9-октябрындагы № 9-1 протоколу жараксыз деп табылып жокко чыгарылган.

Кыргыз Республикасынын Нарын райондор аралык сотунун 2009-жылдын 4-мартындагы чечими менен «Кочкор» асыл тукум кой өстөрүү заводунун аукцион өткөрүү боюнча комиссиянын 2001-жылдын 7-сентябрындагы протоколу, Кочкор райондук социалдык фонд бөлүмүнүн 2001-жылдын 7-сентябрындагы № 1 «Шарапалы» сарайын сатуу боюнча аукцион өткөрүү токтому жокко чыгарылып, А.Касымова жана М.Кочкорбаевдин ортосундагы 2001-жылдын 12-мартындагы Чекилдек айылындагы «Шарапалы» сарайын жана турак жайын сатуу, сатып алуу жөнүндөгү келишим жараксыз, Кыргыз Республикасынын айыл жана суу чарба министрлигинин алдындагы жер жана агрардык реформа боюнча борбору тарабынын М.Кочкорбаевге 2001-жылдын 3-декабрында менчик укугу тууралуу берилген күбөлүк жараксыз, Жер жана агрардык реформа боюнча Кочкор райондук борбору тарабынан М.Кочкорбаевге 2001-жылдын 29-январында мүлк үлүшүнө укук күбөлүгү жараксыз деп табылып, тараптар алгачкы калыбына келтирилип, «Шарапалы» сарайынын менчик ээси «Кочкор» мамлекеттик асыл тукум кой өстүрүү эксперименталдык заводу деп таанылган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2010-жылдын 22-декабрындагы токтому, Нарын райондор аралык сотунун 2011-жылдын 2-июнундагы, 2011-жылдын 24-июнундагы аныктамалары, Нарын облаcттык сотунун 2013-жылдын 5-сентябрындагы, 2013-жылдын 7-октябрындагы аныктамалары менен М.Кочкорбаевдин, анын өкүлдөрү киргизген өтүнүчтөр канааттандыруусуз калтырылган.

Нарын облаcттык сотунун административдик жана экономикалык иштер боюнча кассациялык коллегиясынын 2011-жылдын 8-декабрындагы аныктамасы менен Нарын райондор аралык сотунун 2011-жылдын 2-июнундагы аныктамасы күчүндө калтырылган, ушул эки акт Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2012-жылдын 9-мартындагы токтому менен күчүндө калтырылган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2013-жылдын 5-декабрындагы токтому менен Нарын райондор аралык сотунун 2011-жылдын 24-июнундагы аныктамасы, Нарын областтык сотунун 2013-жылдын 5-сентябрындагы аныктамасы жокко чыгарылып, иш кайра кароого Нарын райондор аралык сотуна жиберилип, Нарын райондор аралык сотунун 2014-жылдын 20-январындагы аныктамасы менен М.Кочкорбаевдин өкүлүнүн ишти жаңы ачылган жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндөгү арызы өндүрүшкө кабыл алынган.

Нарын райондор аралык сотунун 2014-жылдын 13-февралындагы аныктамасы менен М.Кочкорбаевдин өкүлдөрүнүн судьядан баш тартуу жөнүндөгү арызы кабыл алынып, ишти башка соттун кароосуна өткөрүп берүү үчүн, иш Нарын облустук сотуна жиберилген.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, К.Асанбеков жаран О.Сыдыкованын кызыкчылыгында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2013-жылдын 5-декабрындагы токтому Конституцияга, Жарандык-процесстик кодексинин талаптарына ылайык эмес деп таап берүүнү талап кылган.

Судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, кайрылуу боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья К.С. Сооронкулованын маалыматын угуп, төмөнкүдөй тыянакка келди.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык Конституциялык палата мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституцияга карама-каршы келген учурда аларды Конституцияга ылайык эмес деп табат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун токтому, өзүнүн белгилери жана укуктук касиети боюнча ченемдик укуктук актылардын же болбосо мыйзамдардын катарына кирбегендиктен, Жогорку соттун жана жергиликтүү соттордун чечимдерин кайрадан карап чыгуу же болбосо жокко чыгаруу, конституциялык сот өндүрүш алкагында каралышы мүмкүн эмес.

Белгилеп кетчү жагдай, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык мамлекет, анын органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары Конституцияда жана мыйзамдарда аныкталган ыйгарым укуктардын алкагынан чыга алышпайт. Ошондуктан, Конституциянын жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын талаптарына ылайык, сот органдардын актыларын текшерүүгө, аларга укуктук баа берүүгө, ишине кийлигишүүгө Конституциялык палата укуктуу эмес.

Демек, К.Асанбеков жаран О.Сыдыкованын кызыкчылыгында коюлган талаптар Конституциялык палатага караштуу эмес жана аны конституциялык сот өндүрүшү тартибинде кароого укуктук негиз жок.

Жогорулардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4-пунктун жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы:**

1. К.Асанбековдун жаран О.Сыдыкованын кызыкчылыгындагы кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Кайрылуу жана ага тиркелген материалдар кайтарылып берилсин.

3. Аныктама Конституциялык палатага даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Сооронкулова К.С.

Касымалиев М.Ш.

Нарынбекова А.О.